**61-тиркеме**

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Балдар иштери боюнча комиссиянын «Балдарга карата ырайымсыз мамилени (зомбулук) алдын алуу» чогулушунун протоколу**

**14-сентябрь 2021-жыл** **№1** **Барскоон айылы**

**Төрага Э.Орозалиев**
Катчы Т.Качаганова
**Катышкандар-**8 киши (балдар иштери боюнча комиссия) ата-эне-230

**Күн тартиби:**

1. «Балдарга карата ырайымсыз мамилени (зомбулук) алдын алуу». Аталган теманын максаты жана милдети.

**УГУЛДУ:**

1.Бул маселе боюнча Ички иштер органынын кызматкери А. Салбаев- Учурда замандын өзгөрүшүбү же үй-бүлөнүн социалдык жетишпестигинен улам көптөгөн ата-энелер чет өлкөлөргө иштеп келүүгө аргасыз болуп, балдарын таштап кетүүгө мажбур болуп жатканын айтты. Ошол мигрант ата-эненин балдары же болбосо толук кандуу үй-бүлөнүн балдары деле ырайымсыз мамилеге туш болуп, уруш жеп, кордук көрүп жатканын баса белгиледи.

**УГУЛДУ:**

2.Мектептин соц педагогу Э.Орозалиев- Балдарга карата ырайымсыз мамиле жана зомбулуктун эч бир түрү жасалбашы керектиги тууралуу, ушундай окуяларга күбө болгон учурда тартип коргоо органдарына жана Балдар иштери боюнча комиссиясына кабарлоо керектиги жөнүндө айтып өттү.

**УГУЛДУ:**

3.Мектеп жана мектептен сырткаркы иштердин уюштуруучусу С.Мамырканова- Адеп-ахлактык тарбиялоо, үй-бүлөлүк баалуулуктар, балдарды коргоо жана ата-энелердин балдарды тарбиялоодон жана окутуудан качуусуна, балдарга карата ырайымсыз мамилеге жана зомбулукка болгон жоопкерчилик маселелери боюнча жаштар жана жаш үй-бүлөлөрдүн катышуусу менен иш чараларды өткөрүү жагын айтып өттү.

**УГУЛДУ:**

Ата-энелер комитетинин төрайымы А.Раева- Балдарга карата катаал мамилени жана зомбулукту жасаган үй-бүлөлөргө күбө болуп калуу учурларын тезинен жашырбастан мектеп администарциясына жана Балдар иштери боюнча комиссияга кабарлоону өтүндү.

Scanned by TapScanner

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап балдар иштери боюнча комиссиянын чогулушу

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1 Балдарга карата ырайымсыз (зомбулук) мамилени болтурбоо үчүн алдын ала түшүндүрүү иштирин жүргүзүү Ички иштер органынын кызматкери А.Салбаевке милдеттендирилсин.

2. Мектеп окуучуларын зомбулук иштерге жана ырайымсыз мамилеге туш болгон окуучулар менен жекече иш алып баруу жагы соц.педагог Э.Орозалиевге милдеттендирилсин.

3. Жума сайын окуучуларга зомбулук жана ырайымсыз мамиле тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, тегерек столдорду өткөрүп туруу мектеп жана мектептен сырткаркы иштердин уюштуруучусу Р.Садабаевке милдеттендирилсин.

4. Айыл ичинде зомбулук көрсөтүлүп, балдарга карата ырайымсыз мамилеге туш болгон балдарды жашырбай айтуу, ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышта болуусун уюштуруу жагы ата-энелер комитети А.Раевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Э.Орозалиев**

**Катчы** **Т.Качаганова**

Scanned by TapScanner

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Балдар иштери боюнча комиссиянын «Турмуштук оор кырдаалда калган балдардын жана үй-бүлөлөрдүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо» Протоколу**

**13-декабрь 2021-жыл** **№2** **Барскоон айылы**

**Төрага** **Э.Орозалиев**
Катчы Т Качаганова
**Катышкандар-**8 киши (балдар иштери боюнча комиссия) ата-эне-230

**Күн тартиби:**

1 «Турмуштук оор кырдаалда калган балдардын жана үй-бүлөлөрдүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо». Аталган теманын максаты жана милдети.

**УГУЛДУ:**

1. Бул масале боюнча Ички иштер органынын кызматкери А.Салбаев теманын максаты жана милдетин жалпы ата энелерге мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү болуп эсептелинерин айтты.

Балдарга социалдык кызмат көрсөтүүчү мекеме оор турмуштук кырдаалага кабылган балага багуу, тарбиялоо, калыбына келтирүү медициналык жана социалдык жардам берүү боюнча кызматтарды көрсөтүп, баланын өз үй-бүлөсү менен мамиле куруусуна колдоо көрсөтөт.

Бул мекемеде балдардын улуту, жынысы, тили, курагы, билими, туткан дини, расасы, саясий көз-караштары, мүлктүк же башка абалы, майыптуулугу, өзүнүн туулган жери ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырлоого жол берилбейт жана мекеменин кызматкерлеринин ичинен дайындалган кепил, ал баланын укугу сакталышын көзөмөлдөп, бала менен ишенимдүү мамиле түзөөрүн баса белгиледи. Жогоруда айтылган көйгөйлүү үй-бүлөдөгү масалелер жаралса тезинен Балдар иштери боюнча комиссяга токтоосуз кабарлоону өтүндү.

**УГУЛДУ:**

2.Мектептин социалдык педагогу- Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө ар кандай социалдык, материалдык жардамдар көрсөтүлүп тураары жана ай сайын турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлө жана балдарды тактоо, көзөмөлдөө иштери жүргүзүлүп жатканы тууралу айтып өттү.

**УГУЛДУ:**

3.Барскоон айыл өкмөтүнүн балдар менен иштөө адиси А.Өмүрова- Турмуштук оор кырдаалга кабылган балдар жана үй-бүлөлөргө тийешелүү жардам көрсөтүлүп жатканы жана атайын балдар иштери боюнча комиссяга жашырбастан ачык түрдө кабарлоону өтүндү .

4.Ата –энелер комитетинин төр айымы А.Раева – Туура масале козголуп жатканы тууралуу баса белгилеп, айыл ичинде жумушсуздуктун айынан үй-бүлүдө эки киши тең иштебеген учурлар көп кездешерин баса белгиледи. Андыктан жумуш жок деп колду жайып отурбастан, балдарды татыктуу тарбиялап, окуусун үзгүлтүккө учуратпай, аракет кылуу керектигин айтып өттү. Чынында турмуштук оор абалга кабылган үй-бүлө жашырып жатпастан айыл өкмөттүн соц.адисине жана мектептин соц.педагогуна катталып коюну баса белгиледи.

Scanned by TapScanner

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап балдар иштери боюнча комиссиянын чогулушу

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөнүн балдарына түшүндүрүү иштерин жүргүзүп туруу Ички ишер органын кызматкери А.Салбаевке милдеттендирилсин.
2. Ай сайын турмуштук оор абалга кабылган үй-бүлөлөрдү жана балдарды тактоо, учетко алуу жагы мектептин соц.педагогу Э.Орозалиевге милдеттендирилсин.
3. Атайын бөлүнгөн мадериялдык жардамдардын турмуштук оор абалга кабылган үй-бүлөлөрдүн жана балдардын баарына бирдей берилишин жана наразычылык жаралбашын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн балдар менен иштөө адиси А.Өмүровага милдеттендирилсин.

4. Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр жана балдар менен жекече сүйлөшүү, аларга мектеп менен тыгыз байланышта болуп, ачык айтуу үчүн биргеликте иш алып баруу жагы ата- энелер комитетинин төр айымы А.Раевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Э.Орозалиев**

**Катчы** **Т.Качаганова**

Scanned by TapScanner

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде өткөн ата-энелер чогулушунун**

**ПРОТОКОЛУ**

**16-октябрь 2021-жыл** **№2** **Барскоон айылы**

**Төрайым- С.Мамырканова**

Катчы- Б.Арунова

Катышкандар: Д.Сыдыкова, Э.Амазалиева, А.Исабекова Э.Ишенбек кызы Н.Женалиева, М.Абдраимакунова, ата-энелер (123 киши), ата-энелер комитети

**Күн тартибинде:**

1. Окуучулар уюлдук телефондун колдонушу

2.Окуучулук форманы сакташы

**УГУЛДУ:**

Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары С.Мамырканова азыркы учурда окуучулардын оюнун баары телефон болуп калды.Ошондуктан ата-энелер менен биргеликте чектөө койбосок окуучулар виртуалдык жашоого кирип кетти жана окууларын таштап салышты.Булардын баарын ата-энелер көзөмөлгө алышы керектин айтты.

Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча класс жетекчилердин усулдук бирикме жетекчиси М.Абдраимакунова азыркы убакта баардык мектеп бир формага өттү башкача айтканда 1-4-класстардын окуучулары боз юбка, бардовый костюм, 5-8-класстардын окуучулары кара юбка жана боз костюм кийишет. Ошондуктан ата-энелер балдарга милдеттүү түрдө мектеп формасы менен сабакка жиберүүсүн айтып өттү.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Орус тили сабагынын мугалим М.Жамангулова чындыгында окуучулар мектепке телефонсуз келбей калышты окууга болгон кызыгуусу жоголду ошондуктан ата-энелер сиздер дагы катуу көзөмөлгө алып турсаңыздар.Бир чечим менен телефон алып келген окуучуларга чара көрүш керек.

7-а классынын ата-энеси Коляева Жайнагул чындыгында мектепке кетип жаткан убакта биз тараптан көзөмөл болсо балдар окуучулук форма менен таза тыкан келишет эле.

**Чогулуштун чечими**

1.Мектепке телефон алып келген окуучуларага түшүнүк кат жазылып, 25-майга чейин берилбей тургандыгын түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча класс жетекчилерге милдеттендирилсин

2.Мектепке таза, тыкан, окуучулук форма менен жиберүүсүнө ата-энелерге милдетендирилсин.

**Төрайым** **С.Мамырканова**

Катчы Б.Арунова

Scanned by TapScanner